УДК 37.017:502/504 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.552**

«УЛУТТУК ДЕМ – ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК» УҢГУЖОЛУ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАНА РУХАНИЙ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Орозалиева Б.Э., ОшМПУ, магистр,
E-mail- orozalievabubusaira03@gmail.com ORKID:0009-0001-8752-2279

ФОРМИРОВАНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ И ДУХОВНОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ ПОСРЕДСТВОМ ИНИЦИАТИВЫ «НАЦИОНАЛЬНЫЙ ДУХ – МИРОВЫЕ ВЫСОТЫ»

Орозалиева Б.Э., ОшГПУ, магистр,
E-mail- orozalievabubusaira03@gmail.com ORKID:0009-0001-8752-2279

FORMATION OF STUDENTS' ECOLOGICAL AND SPIRITUAL CULTURE THROUGH THE "NATIONAL BREATH - WORLD HEIGHTS" INITIATIVE

Orozalieva B.E.. Osh State Pedagogical University,, Master,
E-mail- orozalievabubusaira03@gmail.com, ORKID:0009-0001-8752-2279

Аннотация

Бул макалада «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу аркылуу студент жаштардын экологиялык жана руханий маданиятын калыптандыруунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү каралат. Макалада улуттук баалуулуктарды заманбап билим берүү мейкиндигинде колдонуу студенттердин жаратылышка болгон жоопкерчиликтүү мамилесин, мекенчилдик сезимин жана руханий аң-сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөрү негизделет. Ошондой эле маклада студенттик чөйрөдө экологиялык тарбияны улуттук нарк менен айкалыштырып жүргүзүүнүн формаларына жана ыкмаларына токтолот. Макалада тарбиялык иш-чаралар, долбоордук ишмердүүлүк жана коомдук демилгелер аркылуу жаштардын активдүүлүгүн арттыруу жолдору сунушталат. Натыйжада, уңгужолдун идеялык мазмунун билим берүү процессине интеграциялоо студенттердин экологиялык маданиятын бекемдөөгө, руханий баалуулуктарды терең өздөштүрүүгө жана коом алдындагы жарандык жоопкерчилигин калыптандырууга шарт түзөрү белгиленет.

***Ачкыч сөздөр**: улуттук дем, дүйнөлүк бийиктик, студент жаштар, экологиялык маданияттуулук, руханий маданият, улуттук баалуулуктар, тарбия процесси, жарандык жоопкерчилик, билим берүү.*

Аннотация

В данной статье рассматриваются педагогические возможности формирования экологической и духовной культуры молодежи посредством инициативы «Национальный дух – высота мира». Исследование основано на том факте, что использование национальных ценностей в современной образовательной среде способствует развитию у учащихся ответственного отношения к природе, чувства патриотизма и духовного сознания. Автор фокусируется на формах и методах проведения экологического воспитания в среде учащихся в сочетании с национальными ценностями. В статье предлагаются пути повышения активности молодежи посредством образовательных мероприятий, проектной деятельности и общественных инициатив. В результате отмечается, что интеграция идеологического содержания инициативы в образовательный процесс будет способствовать укреплению экологической культуры учащихся, углубленному освоению духовных ценностей и формированию гражданской ответственности перед обществом.

***Ключевые слова:** национальный дух, высота мира, молодежь, экологическая ответственность, духовная культура, национальные ценности, гражданская ответственность, образование.*

Abstract

This article examines the pedagogical possibilities of forming the ecological and spiritual culture of young students through the “National spirit - world height” initiative. The study is based on the fact that the use of national values in the modern educational environment contributes to the development of students' responsible attitude to nature, a sense of patriotism and spiritual awareness. The author focuses on the forms and methods of conducting environmental education in the student environment in combination with national values. The article suggests ways to increase the activity of young people through educational activities, project activities and public initiatives. As a result, it is noted that the integration of the ideological content of the initiative into the educational process will contribute to strengthening the ecological culture of students, in-depth mastery of spiritual values and the formation of civic responsibility before society.

Keywords: *national spirit, world height, young students, ecological civility, spiritual culture, national values, educational process, civic responsibility, education.*

Кылымдар бою калыптанып келген ар бир улуттун айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылышты пайдаланууга байланыштуу өзүнүн салттары жана баалуулуктары эненин сүтү, атанын каны аркылуу муундан муунга өтүп келген сапат экени белгилүү. "Адам - жаратылыштын бөлүнгүс бөлүгү" деп бекеринен айтылбаган. Улуу кыргыз эли балдарды жаш кезинен эле айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого, бак-даракты сындырбоого, жаныбарларды өлтүрбөөгө, сууну булгабоого, ал түгүл көк чөптү үзбөөгө илгертеден эле астейдил тарбиялап келишкен. Байыркы ата-бабаларынын салттуу жолун улап, табияттын сырларын аңдап үйрөнүп, канаттуулардын, айбанат-жаныбарлардын, малдын кылык-жоруктарын мыкты өздөштүрүшкөн. Жада калса тоого отунга жумшашса да куураган, сынган бутактарды гана алгыла, өсүп турган арчага тийбегиле деген насааттарды айтышкан. Тоодон кулап, жолго туруп калган ташты, четке алып коюшчу. Аккан суунун боюна кир жууганга таптакыр тыюу салышчу. Элибизде мергенчиликтин кызыгына батып, жазыксыз кайберендерди ашыкча кыруу акыры эмнеге алып келээрин кыргыздар "Кожожаш" дастаны менен байыртадан эле айтып келген.

Экологиялык маданиятты элдин жаратылышка карата тарыхый жактан калыптанган салттарынан тышкары элестетүү мүмкүн эмес. Элдик салттар жаштарда боорукердик, кайрымдуулук жана айлана-чөйрөгө гумандуу мамиле сезимдерин калыптандыруу, өзүн жаратылыштын бир бөлүгү катары сезүү жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу зарылдыгына ынануу менен экологиялык маданиятты калыптандырууга жардам берет.

Экологиялык маданият жаштардын жашоо образын жана дүйнө таанымын өзгөртүүгө өбөлгө түзөт; ал жашоого жаңы мамилени калыптандырат — керектөөчүлүк эмес, чыгармачылык мамиле, анын негизги баалуулугу жаратылыш жана айлана-чөйрө менен болгон мамиле. Жаштардын экологиялык аң-сезимин өнүктүрүүнүн бир ыкмасы — аларды элдик каада-салттар жана алардын жаратылыш менен болгон байланышы менен тааныштыруу. Адамдар менен жаратылыш ажырагыс; алардын биримдиги алардын мекенине болгон сүйүүнү жаратат. Буга жаштарды элдик каада-салттар жана үрп-адаттар аркылуу тарбиялоо жардам берет.

Элдик каада-салттар жана үрп-адаттар аркылуу экологиялык аң-сезимди калыптандыруу түшүнүү, көңүл буруу жана кызыгууну талап кылат. Бардык каада-салттар жана үрп-адаттар ар кандай жаратылыш кубулуштарын жана алардын үлгүлөрүн кылымдар бою байкоого негизделген, алар бүгүнкү күнгө чейин оозеки элдик чыгармачылык түрүндө сакталып калган. Адамдар жаратылыш кубулуштарын байкоолорун жыйынтыктап, айлана-чөйрөнү коргоо көндүмдөрүн топтоп, аларды практикалык иш-аракеттерде колдонушкан: жерди акылдуулук менен айдоо, топуракты жер семирткич менен себүү, өз убагында себүү ж.б. Мунун баары элдин каада-салттарында жана ырым-жырымдарында, ошондой эле оозеки элдик чыгармаларда чагылдырылган: макал-лакаптарда, учкул сөздөрдө, табышмактарда, уламыштарда, ырларда, эпостордо ж.б. Ошентип, элдик каада-салттар жана оозеки элдик

чыгармачылык экологиялык билимдердин жана көндүмдөрдүн кенчине айланып, муундан муунга салттар, ырым-жырым жана майрамдар аркылуу өтүп келет. [4.184б]

Глобалдашуу процессинде өзүбүздүн интеллектти өстүрүү менен алектенип, адамзат үчүн эң баалуу нерселерди унутпашыбыз керек. Адамзаттык баалуулуктар мезгил жана мейкиндикке баш ийбей турган, эч өзгөрүүсүз жүрөгүбүздө жашай турган түшүнүктөр. Чынчылдык, сүйүү, айкөлдүк, акыйкаттуулук, атуулдук, боорукердик, сабырдуулук ж.б. мыкты сапаттарга тарбиялоо кыргыз элинде улуттук каада-салт, ырым-жырым, салт-саналарга негизделген, ар бир үй-бүлөнү коштоп жүргөн жазылбаган эрежелер аркылуу, тарбия аркылуу ишке ашаары бүгүнкү күндө айтпаса да белгилүү.

Дүйнөнү каптаган социалдык-экономикалык, социалдык-психологиялык кризистерден улам жакынкы күндөргө чейин өлкөбүздүн руханий саламаттыгына жетиштүү деңгээлде көңүл бурулбай келди. Кандай гана өнүккөн өлкө болбосун өзүнүн улуттук мамлекеттик баалуулуктарын алдыга коёрун баарыбыз билебиз, ал эми улуу кыргыз эли - жеке өзүнө таандык тарыхый тагдыры бар, миңдеген жылдар бою өзүнүн баштапкы аталышын, мамлекеттүүлүк салтын жоготпой сактап келген, дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылган, кайталангыс журт экендигибиз менен сыймыктанабыз. Ата-бабаларыбыздан ушул күнгө чейин жоголуп кетпей, сакталып келе жаткан нарк-насилибиз үзгүлтүксүз, мындан ары колдонулуп келүүсү тирүү кыргыз экендигибизди аныктайт. Азыркы глобалдашкан мезгилде жаштарга таалим-тарбия берүүдө жана экологиялык маданияттуулукту калыптандырууда улуттук идеологияны колдонуу жакшы натыйжа берери тарыхта тастыкталган учурлар көп.

Улуттук идеология - идеологиялык агымдардын бири; маанилүү проблемаларды, улуттук маселелерди чечүүнүн составдык бөлүгү катары коюуну болжолдойт; улуттук саясий кыймылдардын руханий негизи болуп чыгуу менен Улуттук идеология улуттардын маданий өз алдынчалыгын жана эркиндигин камсыз кылуу программасын иштеп чыгат, улуттук идентификациялоонун негизинде граждандардын саясий жүрүм-турумунун максатын ачып көрсөтөт.

Ата-бабаларыбыздан калган бул идеология - улуттун өзүн-өзү таануу, өз алдынча өсүүсү деп айтууга да татыктуу. Улуттун идеологиясы элдин чачырап кетишине, башка элдин идеологиясына сиңип кетүү коркунучунун алдын алат. Улуттун идеологиясын - келечек үчүн сакталып калуусу керек! Кыргыз наркы - тили, салт-санаасы, тарыхы, өнөрү, турмуш жомоктору, уламыштары, эпостору, макал-лакаптары, табият тартуулаган жаратылышынын бийиктигинде турган кайталангыс көрөнгө экендиги талашсыз. [1.180б]

С.Н. Жапаров өлкөнүн президенттик кызматына киришкенден көп узабай «Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» деген жарлык чыгарды. Андан кийин салт, үрп-адаттарга байланыштуу иш-чараларды өткөрүүдө ашыкча ыгым-чыгымдарды азайтууга байланыштуу жарлыгы чыкты. Ал эми өлкө башчыбыз 2022-жылы кол койгон «Улуттук нарк» жөнүндө жарлык мурдагы жарлыктарды логикалык жактан улаган, өлкө турмушунун бардык тарабын камтыган, идеология багытында мамлекеттин алып барчу ишинин масштабын, маани-маңызын ачыктап, конкреттештирген жарлык болуп, коомчулук тарабынан кызуу колдоого алынды.

Кыргыз Республикасынын президенти С.Н. Жапаров 2024-жылдын 18-декабрында ПЖ № 369 «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгузолу жөнүндө жарлыкка кол койду. Жарлыкта “Кыргыз эли ушул күнгө чейин келечекке ишеним жарата турган, коомдун мүмкүнчүлүгүн жаратмандыкка багыттоо күчүнө ээ. Элдин биримдигин, уюмдашуу жөндөмүн арттыра алган узак мөөнөттүү идеологияга, башбагытка муктаж бойдон калып келди. Аталган кырдаалдан ылдам чыгуунун ишенимдүү жолдорунун бири - кыргыз жарандарын бир муштумга бириктире турган, куттуу келечекке ишеним арттырган, жарандык мекенчилдикти күчөткөн, улуттун демин арттырып, ага дымак берген, жаңы демилгелердин жаралышына жол ачкан идеяларды иштеп чыгып, аны ыкчамдык менен ишке киргизүү экендиги маалым болду", - деп айтылат.

Уңгужолдун негизги максаты – мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салуу менен наркту, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандарды калыптандырып, кубаттуу мамлекет куруу болуп эсептелет.

Ошондой эле *уңгужолдун жети негизги багыттары бар.*

1. Таалим-тарбия, илим, билим жана маданият
2. Айлана-чөйрө
3. Экономика
4. Мамлекеттик тил
5. Социалдык мамилелер
6. Дене тарбия жана спорт
7. Дин. [3.]

«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолунун бардык багыттарын ишке ашырууда элдик каада-салттарды, жомокторду, макал-лакаптарды, уламыштарды, эпосторду педагогикалык колледждин студенттеринин класстан тышкаркы иштеринде, тарбиялык сааттарында кеңири колдонуу, өсүп келе жаткан муундун экологиялык маданияттуулугун калыптандырууга чоң салым кошоору талашсыз.

«Улуттук нарк» жөнүндө Президенттин жарлыгын ишке ашыруу боюнча «Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү боюнча улуттук программа» иштелип чыгып жана жарлыктын маани-маңызын, максат-милдетин кеңири коомчулукка жайылтуу, түшүндүрүү иштери мамлекетибизде, айрыкча билим берүү тармагында жигердүүлүк менен жүргүзүлүүдө.

Улуттук, мекенчилдик сезим, улуттук намыс адам кай тарапта жүрсө да жүрөгүн ысытып, дем берип, алыстан көзүнө көрүнүп турган туу казык сыяктуу. Өз улутуна, өз өлкөсүнө карата сыйлоо, сыймыктануу, сүйүү сезими жок адам улутуна, өз жерине күйбөйт, андайлар ааламдашуу, санариптештирүүнүн күчтүү агымы кай тарапты көздөй айдаса, тамыры бош камгак сыңары ошол жакка айдалып кете берет. Ошондуктан өлкөбүздө болуп жаткан ар кандай мамлекеттик иш-чараларда патриоттуулукка, улуттук каада-салтты, үрп-адатты, улуттук угутту сактоого үндөө улуттук идеологияны бекемдөө катары кабыл алынышы талашсыз.

Азыркы күндө кыргыздын ширелүү сөздөрүн колдонуп, ата-бабалардын санжырасынан, тарбиялык таасири чоң кызыктуу окуяларынан саймедиреп айтчу карыялар дээрлик жокко эсе болуп калды. «Улуттук нарк» жөнүндө жарлык чыккандан кийинки жыйындардын биринде Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетов: «Өзүбүз оңолуш үчүн сөзүбүз оңолушу керек» деген жакшы бир сөз бар. Биз эл ичинде кылымдан-кылымга аңыз болуп, ооздон-оозго айтылып келе жаткан накыл кептерибизди, наркыбызды, салтыбызды чечмелеп, аны күнүмдүк жашоо-турмушубузда пайдалана билсек, бул биздин улуттун келечеги үчүн зор иш болор эле. «Биз дүйнөнү санариптешкен заманда эч нерсе менен таң калтыра албайбыз. Башка улуттун өкүлдөрү кечээ эле ата-бабалары кийип жүргөн кийимдерин, колдонгон буюмдарын музейлерге сактап, сыймыктануу, мактануу менен көрсөтүшөт. Салыштырмалуу кыргыз элинин бай тарыхы бар, биз ата-бабаларыбыздан калган маданий мурастар менен сыймыктанып, муундан-муунга өткөрүп турушубуз керек» деп билдирди мамкатчы.

Өлкө башчыбыздын «Улуттук нарк жөнүндө» жарлыгынын кабыл алынышы идеология багытындагы алгачкы кадам болду. «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» доктринасы жөн гана документ эмес, улутубуздун тилин, маданиятын жана биримдигин өнүктүрүүнүн руханий багытын көрсөтүп турган жол картасы.

Кыргыз Республикасынын президенти С.Н. Жапаровдун «Улуттук нарк жөнүндө» жарлыгы, мамлекеттик катчы С. Касмамбетов жетектеген жумушчу топ иштеп чыккан «Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө» улуттук программа Кыргыз мамлекетинин тарыхындагы эң маанилүү документ, чечим болду. Бул документте белгиленген милдеттерди иш жүзүнө ашырууга, «Биз, кыргыздар нарктуу маданияты, нарктуу каада-салты бар, уюткулуу элбиз» деген түшүнүктүн, улуттук сыймыктын бекемделишине салым кошуу баарыбыздын жарандык милдетибиз.

2023-жылдын 23-декабрында Кыргыз Республикасынын президентинин жарлыгы маенен улуттук идеологияны кайрадан иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүлгөн. Жумушчу топтун төрагалыгына мамлекттик катчы С.С. Касманбетов дайындалган. Кыргыз Республикасынын президенти С.Жапаровдун чыгарган 12 указынын бири мына ушул улуттук идеологияны кайрадан карап чыгууга арналган. Жумушчу топтун мүчөлүгүнө белгилүү окумуштуулар, коомдук ишмерлер, тилчилер, социологдор, тарыхчылар, коомдун активдүү мүчөлөрү, академиктер, лингвисттер, юристтер ж.б. түзүлгөн. Улуттук документтин атын коюуда жана анын жазылышында көптөгөн талаш - тартыштар, сунуштар, коомчулуктан келген ойлор, элдик курултайда каралган сунуштар ж.б. эске алынды. Ал гана эмес ар бир сөздүн жандырмагы үчүн талаш- тартыштар болду, мисалы “дух” деген сөз кыргызда жок экен, ал кыргызча “дем, бийиктик” дегенди түшүндүрөт экен. Уңгу деген сөз бириктирген, уютку, казык, өзөк дегенди билдирип, ошого көздөй жол дегенди түшүндүрүп, жумушчу топтун жалпы оюу менен документтин аты “Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик, уңгу жол” деп жактырылды. Кыргыз элинин каада-салты, үрп-адаты, наркы, эпосу башка улуттардын арасындагы орду, өзгөчөлүктөрү ж.б. кыргыздын өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүгүн аныктап, түшүндүрүүчү эң негизги ат катары бар болуп, эл катары жашап келе жаткандыгын каалайт. Ата-бабаларыбыздан бери колдонулуп келе жаткан нарк-насилибиздин баары тунук акылга, билгичтикке таянганда күчтүү жана келечектүү болот. Кыргыз элинин нарктуулугун бүгүнкү күндө жайылтылып жаткан саамалыктар - бала-бакчадан, мектептердин (жана орто же жогорку) окуу жайлардын окуу программаларына киргизилип, окуу процессинин өзөктүү бир бөлүгү катары калыптануусу зарыл. Эгер андай болбосо, тез эле ички-сырткы терс таасирлердин курмандыгы болуу коркунучу бар. Нарктын түпкү маңызын түшүнүү, өзүн-өзү таанып билүү, өз улутунун идеологиясын аныктоочу күчкө ээ болот жана өз элинин идеологиясынын өзөгү боло алат. Ошол себептен бүгүнкү күндө кыргыз элинин наркын эл арасына, коомчулукка жайылтуу, түшүндүрүү зарылдыгы белгиленип, демилге көтөрүлүп жана кыска убакыттын ичинде карапайым калкка жана шаардыктарга да терең сиңирилди. Кыргыз элине туура багыт көрсөтүп, ата-бабаларыбыздын көрсөткөн жолун, адеп-ахлагын, ошолор чапкан жолго салууда биз, мугалимдер да четте калбашыбыз керек.

“Нарк – ар бирибизге таберик, уламалап улантуучу улуу сабак” деген тематиканы колдонуп, С.С.Касманбетовдун “Нарк куржун” китебинен «Эненин мээримин айтып отурсак таң атат», «Ымыркайын сактайм деп ашууда тоңгон эненин окуясы», «Кыргыз үй-бүлөсүндө балага тарбия берүү эненин курсагында башталарын билген», «Кыргыз ападан тараган балдар», «100 жигит күүсүнүн баяны», «Арча түтөтүү», «Ынтымак жөнүндө», «Саламдашуу сөздөн башталат. Учурашуу эрежеси», «Шерине маданияты деген эмне?», «Хан көчүнөн эл көчү бийик болгон. Салт билген Шабдан баатыр», «Аял эркек үчүн ким?», «Кыргыздар келинин кантип сыйлаган?», «Ак жоолугун ак дасторконго айландырган келин», «Элечектин мааниси кандай? Элечектин 40 ороому», «Төшөктүн түрлөрү», “Чач”, “Кыл аркан”, “Торгой”, “Алгыр куш”, “Элчи”, “Табиятты сезүү” сыяктуу аңгемелерин студенттердин арасында улуттук идеологияны жайылтуу үчүн класстан тышкаркы иштерде, тарбиялык сааттарда кеңири пайдалануубуз керек.[2.16б]

«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу – бул улуттук баалуулуктарды, каада-салттарды, адеп-ахлакты жана маданиятты сактоого, жайылтууга багытталган Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгына ылайык уюштурулган демилге. Ал нарктуулукту, улууну сыйлоо, кичүүнү ызааттоо, мекенчилдик сыяктуу нарк-насилди муундан-муунга өткөрүүчү негиз катары даңазалайт.

Бул демилге алкагында төмөнкүдөй маанилүү иш-чаралар жүргүзсөк болот:

Улуттук тарбия: Жаш муундарга кыргыз элинин каада-салтын, адеп-ахлак нормаларын үйрөтүү.

Нарктуулук: Улуу муундун тажрыйбасын, салттуу билимдерин улантуу.

Иш-чаралар: Семинарлар, жолугушуулар, маданий программалар аркылуу коомдогу нарктуулукту бекемдөө.

Бул багыт – кыргыз элинин маданий өзгөчөлүгүн жана улуттук иденттүүлүгүн сактап калуунун маанилүү куралы болуп саналат.

Кыргыз эли - дүйнөлүк цивилизациянын ажыргыс бир бөлүгү, андан четте калууга акыбыз жок. Биз жалпы адамзат дүйнөсүнө нечендеген кылымдардын сыноосунан тайгылбай өткөн улуттук өзгөчөлүгүбүздү, ата-бабабыздын нарк-насилин, улуттук салт-санаабызды, маданий жана руханий баалуулуктарыбызды сактоо менен кирип, өзүбүздүн татыктуу ордубузду табууга милдеттүүбүз.

Колдонулган адабияттар

1.Абдылдаев Т. Кыргыз элинин нарк-насили. — Бишкек: Билим, 2010. — 180 б.
2.Касманбетов С.С. Нарк куржун 1,2. — Бишкек, 2024. — 16 б.
3. «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгузолу доктринасы. 2024. ПЖ № 369
4. Шаронова Е. Г. Народные традиции как фактор формирования экологической культуры личности Вестник ЧГПУ им. И. Я. Яковлева. 2010. № 3(67). Т. 1.- С.180-184

УДК 821.512.154

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН "ДЕҢИЗ БОЙЛОЙ ЖОРТКОН АЛА ДӨБӨТ” ПОВЕСТИНДЕ ПЕДАГОГИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕР

Орозалиева Б.Э.
ORKID:0009-0001-8752-2279
ОшМПУ. Колледж,
окутуучу магистр
orozalievabubusaira03@gmail.com

ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ ПОВЕСТИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «ПЕГИЙ ПЁС БЕГУЩИ ПО КРАЯМ МОРЯ»

Орозалиева Б.Э.
ORKID:0009-0001-8752-2279
ОшГПУ, колледж, преподователь

PEDAGOGICAL ISSUES IN CHINGIZ AITMATOV'S STORY "THE SPOTTED MOOSE WALKING ALONG THE SEA"

Orozalieva B.E.
ORKID:0009-0001-8752-2279
college, teacher Master, of Osh S.P.U.
orozalievabubusaira03@gmail.com
bubusaiaorozalieva@gmail.com

Аннотация.

Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” повестиндеги эң чоң тарбиялык маанидеги элдик педагогиканын көрүнүштөрү талдоого алынат. Чыңгыз Айтматов бул чыгармасы аркылуу Сахалин аймагында жашаган чакан нивх уруусунун улуу муундан кичүү муунга өтүп келген адеп-ахлактык баалуулуктар көркөм чагылдырылат. Макалада каармандардын жүрүм-туруму, алардын ортосундагы мамилелер жана турмуштук кырдаалдар аркылуу элдик педагогиканын негизги принциптеринен болгон урмат-сый, сабырдуулук, кайраттуулук, мекенчилдик, келечек муундардын алдында улуу муундардын жоопкерчилиги берилет. Макалада элдик педагогика менен бирге жаш муундарга экологиялык тарбиянын да абдан маанилүү жана таасирдүү экендиги чагылдырылган. Суунун баалуугу, адам баласынын табияттын закон ченемдүүлүктөрүнүн алдында алсыз экендиги ачык